Педагогикалык кеңеш
тарабынан кабыл алынган
Буйрук №___4___
«__25__»______03______2022 ж

БЕКИТЕМ
Мектеп жетекчиси
___________ Атантаева А. Б.
«__25__»______03______2022 ж

# Зуура Кадыркулова атындагы орто мектеби

## окуучулардын ден - соолугуна жана өнүгүшүнө зыян келтирүүчү интернеттеги маалыматтардан коргоо боюнча ЖОБОСУ

Жобунун максаты: Интернеттеги мектеп окуучуларына таасир берүүчү зыяндуу маалыматтык коопсуздукту үйрөтүү интернет билим берүүдө колдонуу жана аларга санариптик сабаттуулукту сиңирүү. Мектеп окуучуларынын интернет психологиясы жаатында мугалимдердин компетенттүүлүгүнүн деңгээлин жогорулатуу боюнча ишти уюштуруу.

1. Интернетти колдонуучу окуучулардын коопсуздугун коргоо жаатында билимди калыптандыруу боюнча иш алып баруу; ата-энелер жана коомчулук менен тарбия иштерин уюштуруу;
2. Билим берүүдөгү интернет булагын колдонуу процессии психологиялык - педогогикалык жактан көзөмөлдөө;
3. Компьютердик техниканы колдонууда, компьютерди колдонуу тартибине жооптуу кызматкерди дайындоо;
4. Атайын компьютердик жабдууларга өзүнчө класстык бөлмө бөлүп берүү;
5. Окуучулардын интернет булактарын колдонуусун көзөмөлдөө ирээтинде класс жетекчилердин, социалдык пегагогдун кызматтык милдеттерине кошумча милдеттендирүү;
6. Мектепке атайын психолог кызматкерин жалдоо;
7. Окучууларды, билим берүү жана тарбиялоо милдеттерине туура келбеген маалыматтарды камтыган интернет ресурстарына кирүүсүн жокко чыгаруу боюнча комплекстүү иш-чараларды жүзөгө ашыруу үчүн методикалык жана маалымдамалык материалдар менен тааныштыруу;
8. Компьютердик класстарда иштеген мугалимдердин эмгекти коргоо боюнча нускамаларын иштеп чыгуу;
9. Веб-сайт тууралуу нускама кабыл алуу;
10. Интернет түйүнүнүн окуучуларга карата коопсуздугун коргоо негизинде окуучулар жана ата-энелер менен тематикалык жолугуушуларды тынымсыз уюштуруу;
11. Интернет түйүнү аркылуу жасала турган зомбулук жана кордоолорду алдын- алуу боюнча класстык-тематикалык сааттарды өткөрүү;
12. “Коопсуз Интернет” аттуу атайын педсовет өткөрүү
13. Күнүмдүк жумуш учурунда окуучуларга интернет аркылуу алынган кызыктуу жана кызыксыз маалыматтарды чогултуу (класс жетекчилер, мугалимдер коллективи)
14. Мугалимдер коллективи Интернеттен алынган алгылыктуу тарбиялык, билим берүү тармагындагы чыгармачыл методдорду колдонуусуна шарт түзүү
15. Интернет булактарынын билим алууга тийгизген таасирлери тууралуу мониторинг жүргүзүү (класс жетекчилер жана социалдык педагог);
16. “Интернеттин таасири” атындагы атайын окуучулар менен тегерек стол өткөрүү
17. Мектептеги китепкананы атайын интернет коопсуздугу боюнча китеп, журнал, газеталар менен толуктоо;
18. Атайын психологдун “ Интернет көз карандысы”, “Интернет оюндардын таасири” темасында лекция өтүүсүн камсыздоо;

19. “Компьютердик техника жана ден-соолук” лекциясын атайын дарыгердин жардамы менен өткөзүү;

20. Интернет түйүнү тууралуу окуучулар арасында сурамжылоо жүргүзүү :

- Интернеттин пайдасы;
- Интернет-китеп;
- Интернет доспу же.